# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2025-жылдын 25-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы: К.А. Дуйшеев, Ч.А. Айдарбекова, Л.П. Жумабаевдин курамында, катчы Р.Т. Усенованын катышуусунда, Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусун карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2025-жылдын 24-февралында М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун жана Т.У. Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары – ЖПК) 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

ЖПКнын 376-беренеси жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арыз же сунуштама ишке катышуучу жактар тарабынан биринчи инстанция боюнча ишти караган сотко, кайра карап чыгуу үчүн негиз болгон жагдайлар белгиленген күндөн баштап үч айдын ичинде берилерин карайт.

Арыз ээлери талашылып жаткан ченемдин колдонулушу укуктары жана милдеттери соттун чечимдеринде козголгон, бирок процесске катышууга тартылбаган адамдар тарабынан жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арыздарды берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат деп эсептешет.

Муну менен, бул ченем, алар эсептегендей, жарандардын аталган категориясынын соттук коргоого болгон укуктарын чектейт. Мында арыз ээлери өз көз караштарына жүйө катары А.Т. Хамракулованын, З.Т. Сидикованын, М. Сотволдиеванын жана Б.Т. Закридинованын доо арызы боюнча Ноокат райондук сотунун 2025-жылдын 20-январындагы соттук актысын келтиришкен.

Аталган иштин материалдарынан белгилүү болгондой, жогоруда белгиленген сот актысы менен Ноокат райондук соту ЖПКнын 376-беренесине шилтеме кылуу менен арызды кабыл алуудан баш тарткан жана баш тартууну  арыз ээлери А.Т. Хамракулова, З.Т. Сидикова, М. Сотволдиева жана Б.Т. Закридинова жарандык ишке катышкан тараптар болуп саналбайт деп жүйөлөгөн.

Кайрылуунун субъекттери Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принцип бекитилгендигин белгилешет.

Бирок, арыз ээлеринин  пикири боюнча, талашылып жаткан ченемди колдонуу ЖПКнын 323-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет, ага ылайык «ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктарына жана милдеттерине карата сот чечим кабыл алган жактар да апелляциялык даттануу берүүгө укуктуу».

Ушундай эле ЖПКнын 352- беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык «ЖПКнын 351-беренесинде каралган сот актысына кассациялык даттанууну (сунуштаманы) тараптар жана ишке катышуучу башка жактар, алардын өкүлдөрү, ошондой эле ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктарына жана милдеттерине карата сот чечим кабыл алган жактар бериши мүмкүн.».

Ошентип, арыз ээлери ЖПКнын келтирилген ченемдери ЖПКнын талашылып жаткан ченеми колдонула турган жактардын башкаларга карата бирдей эмес абалын так көрсөтөт деп эсептешет.

Каралып жаткан учур боюнча арыз ээлери жол-жоболук себептерден улам ишке тартылбаган адамдардын укуктарынын чектелгендигин көрсөтүшкөн, бирок буга карабастан, алардын укуктарына жана милдеттерине тиешеси бар сот актысы чыгарылган, бул мыйзам жана сот алдында бирдей эмес шарттарды түзгөн.

Ошондой эле, арыз ээлери Конституциянын 61-беренесине шилтеме жасашкан, анда ар бир адамга соттук коргонуу укугу, анын ичинде соттук чечимдерге даттануу мүмкүнчүлүгү кепилденет. Арыз ээлери соттук коргоо – бул ар бир адамдын бузулган же талашылып жаткан укуктарын коргоо, ошондой эле адамдын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн мыйзам тарабынан ага берилген укугу деп эсептешет, бул бардык кызыкдар тараптарга сотко кайрылууга мүмкүнчүлүк берет.

Бирок, арыз ээлери аталган конституциялык укук ЖПКнын талашылып жаткан ченемин колдонуудан улам чектелет деп эсептешет, анткени укуктарына жана милдеттерине карата сот чечим кабыл алган кызыкдар жактар жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо укугунан ажыратылган.

Баяндалганды эске алуу менен, кайрылуунун субъекттери талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранышат.

Судьялар коллегиясы М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун жана Т.У. Музулмановдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде кайрылууну текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген өтүнүч

формасындагы берилген кайрылуу Конституциялык сотто ишти кароого негиз болуп саналат.

Сунушталган кайрылуудан ЖПКнын 376-беренеси Конституциянын маселеде аныксыздыктын бар экендигин көрүүгө болот.

Ошентип, М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун жана Т.У. Музулмановдун кайрылуусу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына ылайык келет жана өндүрүшкө кабыл алынууга жатат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы,

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Бул аныктама тараптар тарабынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.А. Дуйшеев

Ч.А. Айдарбекова

Л.П. Жумабаев

№_____